| | |
|---|---|
| SE-2024-0002. (документтин шифри) | Ош мамлекеттик университети |
| 9 (беттин саны) | Социалдык-экономикалык өнүгүү саясаты |
| 02.03.2024-ж. (Бекитилген датасы) | **Ош мамлекеттик университетинде билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө жобо** |

БЕКИТЕМИН
ОшМУнун ректору
К.Г. Кожобеков

# Ош мамлекеттик университетинде билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө ЖОБО

**2024-жыл**



Сканировано с CamScanner

**Ош мамлекеттик университетинде билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө жобо**

## ЧЕНЕМДИК ДОКУМЕНТТИН ПАСПОРТУ

| | |
|---|---|
| Документтин аталышы | Ош мамлекеттик университетинде билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө жобо |
| Документтин теги | Социалдык-экономикалык өнүгүү саясаты |
| Документтин түрү | Жобо |
| Бекитилгендиги жөнүндө маалымат | ОшМУнун административдик кеңешинин 2023-жылдын 16-февралында жыйынында талкууланып бекитүүгө сунушталган. ОшМУнун Көзөмөл кеңешинин 2024-жылдын 20-февралындагы № 1 жыйынынын токтому менен колдоого алынган, 2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин (№ 6 протокол) чечими менен бекитилген. 2024-жылдын 11-мартындагы №1118-ФХД/24 буйрук менен бекитилген. |
| Документтин шифры | |
| Документтин кыскача аннотациясы | Бул жобо Ош мамлекеттик университетинде билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндөгү тартибин, жол-жобосун аныктап турат. |

## ДОКУМЕНТТИН МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Титулдук барак | 1-бет |
| Ченемдик документтин паспорту | 2-бет |
| Негизги түшүнүктөр | 3-бет |
| Жалпы жоболор | 3-бет |
| Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө келишимдерди түзүү | 4-бет |
| Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскуранттарын макулдашуунун жана бекитүүнүн тартиби | 5-бет |
| Өзгөчө шарттарда келишимдик акыны төлөө тартиби | 6-бет |
| Чет өлкөнүн жараны катары окууга кабыл алынып, окуу мезгилинде КРдин жарандыгын алган студенттер менен келишимдик шарттарды кайра кароо тартиби | 7-бет |
| Келишимдик акы төлөө мөөнөтүн узартуу тартиби | 7-бет |
| Келишимдик акыны төлөө мөөнөтү | 8-бет |
| Билим берүү кызматтарынын акысын төлөөдө женилдик берүүнүн негиздери жана тартиби | 8-бет |
| Колдонулган нормативдик документер | 9-бет |




Сканировано с CamScanner

## 1.Негизги түшүнүктөр

**Бюджеттен тышкаркы билим берүү иши** – мамлекеттик билим берүү уюмдарында билим берүүнүн акы төлөө кызматтары;

**кошумча билим берүү кызматтары** – билим берүү стандарттарынан башка кошумча билим берүү программаларын ишке ашыруу боюнча юридикалык жактардын (билим берүү ишине лицензиясы бар) иши;

**калькуляциялоо** – көрсөтүлүүчү кызматтардын өздүк наркын экономикалык жактан негизделген тарифтердин негизинде эсептөө;

**калькуляциялоо** – экономикалык жактан негизделген тарифтерди аныктоо максатында учурдагы ченемдерге жана мурдагы мезгилди анализдөөгө ылайык кызмат көрсөтүүлөрдүн чыгымдарын чагылдыруучу көрсөтүлгөн кызматтардын өздүк наркын эсептөө;

**билим берүү кызматтары** – Кыргыз Республикасынын аймагында билим берүү чөйрөсүндөгү юридикалык жактардын иши;

**билим берүү кызматтарынын тарифтери** – билим берүү уюмдары (мекемелер) тарабынан жеке жана юридикалык жактарга көрсөтүлүүчү, билим берүү кызматтары үчүн белгиленген төлөмдөр

**окуу түзүмү** – институт, факультет, колледж, мектеп, квалификацияны жогорулатуу борборлору, окуу борборлору ж.б.

**окугандар** – окуучулар, студенттер, магистранттар, докторанттар.

**кардар/буйрутмачы** – акы төлөнүүчү билим берүү кызматына өзү же башка жактар үчүн келишимдин негизинде буйрутма берген жеке же юридикалык жак;

**келишимдик акы** – келишим боюнча жеке же юридикалык жактардын каражаттарынын эсебинен төлөнүүчү сумма.

## 2. Жалпы жоболор

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары адамдын билимге болгон муктаждыгын, т.а. жогорку жана орто кесиптик билим берүү, кошумча жана жогорку окуу жайынан кийинки кесиптик билим берүү аркылуу коомдун жана мамлекеттин жогорку жана орто кесиптик билими бар квалификациялуу адистерге болгон керектөөлөрүн камсыздоо максатында көрсөтүлөт.

Ош мамлекеттик университети (ОшМУ) Уставга жана билим берүү ишин жүргүзүү лицензияларына ылайык акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтөт. Билим берүүнүн акы төлөө кызмат көрсөтүүлөрү билим алуучунун төлөм эсебинен жүзөгө ашырылат.

ОшМУ төмөнкү билим берүү программалары боюнча акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтөт:

а) мектепке чейинки билим берүү;

б) орто жалпы билим берүү;

в) кесиптик билим берүү (орто, жогорку);

г) жогорку окуу жайдан кийинки кесиптик билим берүү (аспирантура, докторантура жана базалык докторантура (PhD/тармак боюнча, ординатура);

д) кошумча билим берүү (квалификациясын жогорулатуу, кошумча квалификацияларды алуу, окуу курстары);



Сканировано с CamScanner

г) репетитордук жана башка акы төлөнүүчү билим берүү кызматтары.

### 3. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө келишимдерди түзүү

Келишим ОшМУ менен юридикалык, жеке жак же билим алууга талапкердин (абитуриенттин) кызыкчылыгын коргогон жактын ортосунда түзүлөт. Университет окугандар менен түзүлгөн келишимдин шарттарына ылайык акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө милдеттүү.

Келишим ОшМУ менен Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин талаптарынын негизинде түзүлөт.

Келишим билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызматтарын көрсөтүү башталганга чейин түзүлөт. Билим берүү кызматын көрсөтүү боюнча келишимди түзүү үчүн жарандын университетте акы төлөнүүчү негизде орто кесиптик, жогорку, кошумча же дипломдон кийинки билим алууну каалагандыгы жөнүндөгү арызы негиз болуп саналат. Келишимдин туура түзүлүшүнө кабыл алуу комиссиясынын тиешелүү кызматкери жооптуу болуп эсептелет. Келишим түзүлгөндөн кийин гана талапкерди окууга кабыл алуу боюнча ОшМУнун ректорунун буйругу чыгарылат.

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүүгө келишим жазуу жүзүндө түзүлөт жана бир нускасы окугандардын өздүк делосунда, экинчиси окуган тарапта сакталат. Буйрутмачы башка жеке же юридикалык тарап болгон учурда экинчи нуска буйрутмачыга берилет.

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматтарын көрсөтүү келишимдеринин формалары академиялык окуу, укук, пландоо-финансылык, чет элдик студенттерди тейлөө иштери боюнча университеттин бөлүмдөрү тарабынан макулдашылып бекитилет. Келишимдер билим берүү кызматтарынын түрүнө жараша түзүлөт. Чет элдик жарандар менен түзүлүүчү келишимдин формасы өзүнчө бекитилет.

Акы төлөнүүчү билим берүү кызматын көрсөтүү келишимин түзүү үчүн кызмат көрсөтүү акысын төлөөчү жеке жак жарандыгын ырастоочу документин тапшырууга тийиш. 18 жашка чыга электер менен түзүлгөн келишимге окуган тараптын ата-энеси (башка мыйзамдуу өкүлдөрү) кол коюшат жана финансылык милдеттенмелери боюнча жоопкерчиликти алышат.

Мектеп окуучулары үчүн окуучунун мыйзамдуу өкүлү (ата-энеси, чоң ата, чоң эне жана башкалар) менен келишим түзүлөт.

Окуган тараптын, буйрутмачынын арыз/билдирүүсүнүн жана ректордун буйругунун негизинде студент университеттен чыгарылган учурда келишим токтотулушу мүмкүн.

Окуган тарап билим берүү программасын өздөштүрүүсүн улантуу үчүн башка билим берүү уюмуна которулган учурда келишим мөөнөтүнөн мурда токтотулат.

Окуган тарап келишимдин шарттарын аткарбай (ички тартипти сактабаганда, окуу сынактарынан өтпөй калганда, ошондой эле университет менен байланышын үзгөндө ж.б. учурларда) окуудан чыгарылганда, билим берүү кызматтары үчүн келишимдик акы окуудан чыгаруу жөнүндө буйрук чыккан күнгө чейин толук төлөнөт. Чыгымдардын суммасы жылдык келишимдик акынын суммасын он айга бөлүү жана окуу процесси башталгандан тартып, келишим токтотулган күнгө чейинки айлардын санына көбөйтүү жолу менен аныкталат. Ал эми бир күндүк чыгым бир айлык сумманы тиешелүү айдагы күндөрдүн санына бөлүү менен аныкталат.



Сканировано с CamScanner

Окуган тараптын (же буйрутмачынын) арызынын негизинде келишим токтотулган учурда ректордун буйругу чыккан күнгө чейинки окуу мезгили үчүн кетирилген чыгымдарды алып салуу менен ОшМУга мурда төлөнгөн сумма кайтарылып берилет.

Студенттерди келишимдик окууга которуу жана калыбына келтирүү иштери комиссиянын чечимине ылайык ректордун буйругу менен жүргүзүлөт жана окуган тарап менен келишим түзүү аркылуу ишке ашырылат. Которулган жана калыбына келтирилген тарап менен келишим түзүү иши өздүк документтерди кабыл алуучу кадрлар бөлүмүнө жүктөлөт. Которууда жана калыбына келтирүүдө академиялык айырма эсептелип, алардын (окуу дисциплиналары, практика ж.б.) кредиттеринин наркы толук өлчөмдө төлөнгөндөн кийин гана айырмаларды жоюу иши жүргүзүлөт.

## 4. Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин прейскуранттарын макулдашуунун жана бекитүүнүн тартиби

ОшМУда билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин прейскуранты пландоо-финансылык бөлүмү тарабынан иштелип чыгып, окуу түзүмдөрүнүн жетекчилери менен макулдашылат. Андан кийин ОшМУнун көзөмөлчүлүк кеңешинин чечиминин негизинде ректор тарабынан бекитилет.

ЖОЖдордо алыскы чет өлкөлөрдөн медициналык адистиктер боюнча билим алууга келген чет өлкөлүк жарандар үчүн билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин минималдуу өлчөмү мамлекеттик башкаруу органдарынын чечимдери, буйруктары менен аныкталат.

Кошумча билим берүү кызматтарына (кайра даярдоо жана квалификациясын жогорулатуу, даярдоо курстары ж.б.) тарифтердин прейскуранты өзүнчө иштелип чыгат.

Билим берүүнүн акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтерди түзүүдө төмөнкүлөр негиз катары колдонулат:

- билим берүүчү уюмдун ишин жөнгө салуучу ченемдик укуктук актылар;
- акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрдүн ар бир түрү боюнча колдонуудагы тарифтерди суммалык жана сандык түрдө талдоонун жыйынтыктары;
- сарптоолордун ар бир беренеси боюнча окуу жылындагы кирешенин жана чыгымдардын сметасы;
- материалдык, эмгектик жана башка сарптоолорду чечмелөө менен кызмат көрсөтүүлөрдүн түрлөрү боюнча өздүк нарктын калькуляциясы;
- чыгымдардын жана кирешелердин сметасынын иш жүзүндөгү аткарылгандыгы жөнүндө отчёттор;
- колдонуудагы тарифтердин жана тарифтердин долбоорлорунун салыштырма таблицасы;
- өткөн жылдардагы тарифтердин өзгөрүү динамикасы;
- билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин деңгээлин өзгөртүүнүн себептерине негиздемелер.

Тарифтердин прейскурантынын долбоору жана аларды негиздөө боюнча эсептик материалдар, ошондой эле бекитилген тарифтердин прейскуранты жана алардын негиздемеси боюнча эсептөөчү материалдар өзүнчө көктөмөгө (папкага) тиркелет жана билим берүүчү уюмда (мекемеде) жети жыл бою сакталат.

Акы төлөнүүчү окутуу тарифтери билим берүү баскычына, багытына, профилине, адистигине жана окутуу формасына (күндүзгү, күндүзгү-сырттан, кечки, сырттан, дистанциялык, экстернат, онлайн ж.б.) жараша дифференцияланат;



Сканировано с CamScanner

Башка билим берүү уюмдарынан (мекемелерден) же бир адистиктен башкасына которулган, ошондой эле окуудан чыгарылгандан кийин кайра кабыл алынган студенттер которуу жана тикелөөгө байланышкан чыгымдарды төлөшөт.

Окуу жайга кабыл алынуучу абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүү тарифтери иш жүзүндөгү зарыл болгон чыгымдарга (иштеген адамдардын - кабыл алуу комиссия мүчөлөрүнүн эмгек акысы, бланка продукциясынын наркы, кирүү сынактарын уюштуруу) жараша аныкталат.

Билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтер бекитилген күндөн тартып, окуу жылы аяктаганга чейин жарактуу болот.

Кийинки окуу жылы үчүн тарифтердин прейскуранты окуу жылынын аягында – 30-июнга чейин бекитилип, ОшМУнун вебсайтына коюлушу зарыл.

**5. Өзгөчө шарттарда келишимдик акыны төлөө тартиби**

Окуп жаткан жаран мезгилсиз дүйнөдөн кайтса, акыркы окуу семестриндеги келишимдик акы төлөө суммасынан бошотулат жана окугандардын катарынан чыгарылат.

Окугандардын катарынан чыгаруу жөнүндөгү чечим окуган тараптын дүйнөдөн кайткандыгы жөнүндөгү маалым кат(күбөлүк) тиркелген окуу түзүмүнүн жетекчилигинин билдирүүсүнүн жана ректордун буйругунун негизинде чыгарылат.

Эгер окуп жаткан семестр үчүн келишимдик акы алдын ала төлөнүп калса, дүйнөдөн кайткан күнгө чейинкиси кармалып, калган сумма ата-энесине же жакын туугандарына (ишеним кат берилген адамга) кайтарылып берилет.

**Этникалык кыргыздарга жана мекендештерге жеңилдик берүү.** КРдин “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамынын 61-беренесине ылайык “Этникалык кыргыз” жана “Мекендештер” категориясына кирген жарандарга келишимдик акы өлчөмүн Кыргыз Республикасынын жарандары менен бирдей өлчөмдө төлөөгө уруксат берилет.

Этникалык кыргыз жана мекендеш катары жеңилдик алуу тартиби:

1. Окуган тараптан ректордун атына арыз жазылат (үлгүсү тиркемеде). Эгер окуучу (студент) 18 жашка чейинки куракта болсо, анын мыйзамдуу өкүлү (ата-эне, камкордукка же көзөмөлгө алган жарандар жана ж.б.) тарабынан арыз берилет. Арыздарды берүү мөөнөтү биринчи жарым жылдыкта 1-сентябрдан 15-ноябрга чейин, экинчи жарым жылдыкта 1-февралдан 1-апрелге чейин;

Комиссияда кароо жана буйрукту чыгаруу мөөнөтү биринчи жарым жылдыкта 15-декабрга чейин, экинчи жарым жылдыкта 15-майга чейин;

2. Далилдөөчү документтин нотариалдык тастыкталган көчүрмөсү ректордун атына жазылган арызга тиркелип, ректор (же проректор) тарабынан комиссиянын кароосуна жиберилет. “Этникалык кыргыз” макамына өтүү үчүн далилдөөчү документ болуп туулгандыгы тууралуу күбөлүк же “Кайрылман” макамын далилдеген документ эсептелет. Бул документтери жок болгон учурда Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө мыйзамдын талаптарына ылайык башка документтер талап кылынат.

“Мекендештер” макамына өтүү үчүн чет өлкөлөрдөгү КРдин элчиликтери, консулдуктар тарабынан, ал эми КРдин аймагында калкты тейлөө борборлорунан (ЦОН) берилүүчү “Мекен картасы” эсептелет;

3. Кошумча документтер: окуу түзүмүнөн (институттан, факультеттен, колледжден, мектептен) окугандыгы жөнүндө маалым кат, паспортунун көчүрмөсү арызына тиркелет;



Сканировано с CamScanner

4. Комиссиянын чечими менен корутунду чыгарылгандан кийин кайрылуучуну "Этникалык кыргыз" же "Мекендештер" макамына өткөрүү жана келишимдик акынын өлчөмүн КРдин жарандары менен бирдей өлчөмдө төлөө жөнүндөгү ректордун буйругу чыгарылат.

**6. Чет өлкөнүн жараны катары окууга кабыл алынып, окуу мезгилинде КРдин жарандыгын алган студенттер менен келишимдик шарттарды кайра кароо тартиби**

КРдин жарандыгын алган студент ОшМУнун ректорунун атына арыз менен кайрылат. Арызга окуу түзүмүнүн жетекчисинин (декан, директор) макулдугу жөнүндөгү колу коюлат, КРдин жараны экендигин далилдөөчү документтин нотариалдык тастыкталган көчүрмөсү тиркелет. Арыздын негизинде студентти КРдин жараны катары эсептөө жана келишимдик шарттарды кайрадан кароо, жаңы келишим түзүү боюнча ректордун буйругу чыгарылат. Студент менен келишимди жаңылоо иши кадрлар бөлүмүнө жүктөлөт.

Келишимдик акынын жылдык суммасы пландоо-финансылык бөлүм тарабынан студенттин КРдин жараны жөнүндөгү документ алган күндөн баштап кайра эсептелинет.

Кыргыз Республикасынын жана башка мамлекеттин жарандыгын бир убакта алып жүргөндөр (кош жарандуулугу барлар) окууга кабыл алууда документтерин чет элдик жаран катары тапшырып, ОшМУ менен чет элдик жаран катары келишим түзгөн болсо, анда чет өлкөлүк жарандар үчүн бекитилген тарифтердин негизинде төлөмдөр жүргүзүлөт. Эгерде ал чет элдик жарандыктан баш тартып, КРдин жарандыгында гана калгандыгы далилденсе, түзүлгөн келишимдик шарттар кайрадан каралат. Ал үчүн чет мамлекеттин элчиликтеринен, консулдук өкүлчүлүктөрдөн алынган тастыктоочу документ талап кылынат.

**7. Келишимдик акы төлөө мөөнөтүн узартуу тартиби**

Студент ректордун атына жүйөлүү себеби так көрсөтүлгөн арыз менен кайрылат. Арызга тайпанын кураторунун жана окуу түзүмүнүн жетекчилигинин макулдук колу коюлат. Буга кошумча ата-энесинин же башка төлөөчү тараптын (мисалы, юридикалык тараптар, башка жакындары) кепилдик каты талап кылынат. Кепилдик берүүчү тарап алыс жакта болсо, кепилдик каты окуу түзүмүнүн (же ректордун) электрондук почтасына документ түрүндө (pdf форматында) жиберилиши мүмкүн.

Акы төлөөнүн мөөнөтү пландоо-финансылык бөлүмдүн макулдугунун негизинде ректордун (же экономика багытындагы проректордун) уруксаты менен арыз берилген күндөн тартып, 3 (үч) айлык мөөнөткө узартылышы мүмкүн. Төлөмдүн мөөнөтүн кырк беш күндүк мөөнөткө чейин узартууда кошумча документ талап кылынбайт, ал эми андан ашык мөөнөткө узартууда себебин далилдеген документтер (мисалы, медициналык корутунду, маалымат ж.б.) арызга тиркелет. Келишимдик акынын төлөө мөөнөтүн өтө жүйөлүү себептер менен үч айдан ашык мөөнөткө жылдыруу ректордун жеке уруксаты менен гана ишке ашырылат.

Мамлекеттик аттестацияга келишимдик акыны толук төлөгөн учурда гана кирүүгө уруксат берилет.

Уруксат берүү боюнча иш кагаздары пландоо-финансылык бөлүмүндө сакталат. Уруксат берилген келишимдик акынын убагында төлөнүшүн көзөмөлдөө жагы пландоо-финансылык бөлүмүнө жүктөлөт.



Сканировано с CamScanner

## 8. Келишимдик акыны төлөө мөөнөтү

Билим берүү кызматтарынын акысын окуган тарап/буйрутмачы келишимде белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө төлөйт.

Билим берүү кызматтары үчүн белгиленген төлөмдөр ОшМУнун банктагы эсебине КРдин улуттук валютасы – сом менен төлөнөт (КРдин Билим берүү жөнүндөгү мыйзамы, 49-берене).

Окуган тарап/буйрутмачы окуу жылы ичинде келишимдик акыны ай сайын бөлүп төлөөгө укуктуу.

Келишимдик акынын төлөөнүн биринчи мөөнөтү - 25% өлчөмдө 15-октябрга чейин, экинчи мөөнөтү - 50%дан кем эмес өлчөмдө 15-декабрга чейин, үчүнчү мөөнөтү - 75% өлчөмдө 15-мартка чейин, акыркы мөөнөтү - 100% өлчөмдө 15-майга чейин деп белгиленет. Бул мөөнөттө келишимдик шартты аткарбагандарга аралык текшерүүгө жана жыйынтык экзамендерге кирүүгө уруксат берилбейт. Эгер кээ бир окуу түзүмдөрүндө жыйынтык экзамендер жогорудагы көрсөтүлгөн мөөнөттөргө чейин башталып жатса, анда төлөө мөөнөтү биринчи экзамен башталган күнгө чейин деп белгиленет.

Сырттан окуу бөлүмүндө окугандар окуу жылынын күзгү семестри үчүн келишимдик акыны 50% өлчөмдө 20-октябрга чейин, ал эми калган бөлүгүн жазгы семестрде 20-мартка чейин төлөөгө милдеттүү.

Окуу жылынын ар бир жарым жылдыктагы сессиянын жыйынтыгы менен келишимдик акыны төлөбөгөндөр (жеңилдик берилгендер жана төлөө мөөнөтүн кийинкиге жылдыруу боюнча уруксаты барлардан башкасы) окуу түзүмүнүн жетекчисинин билдирүүсүнүн негизинде окуудан чыгарылат.

Эгерде окуган тарап жеке себептери менен окуусун улантпай калса, ректордун атына өз каалоосу менен окуудан чыгаруу же академиялык өргүү алуу арызы менен кайрылууга милдеттүү. Окуган тарап окуу жылы үчүн акы төлөй элек болсо, окуудан четтетүү буйругу чыккан күнгө чейин келишимдик акыны төлөөгө милдеттүү, бул шартты аткарбаган учурда өздүк документтери (аттестат, диплом, академиялык аныктама, транскрипт ж.б.) кайтарылбайт. Ошондой эле, окуган тарап окууга келбей, окуу жай менен байланышты үзгөндүгү, академиялык карызы жана тартип бузгандыгы үчүн окуудан чыгарылган болсо, буйрук чыккан күнгө чейинки окуу акысын төлөйт. Кийинки жылдарда кайра тикеленип, окууну уланткан учурда жаңы окуу мөөнөтү үчүн окуу акысын төлөөгө милдеттүү. Окууга тикеленүү мурунку жылдардагы карызын төлөгөндөн кийин ишке ашырылат.

## 9. Билим берүү кызматтарынын акысын төлөөдө женилдик берүүнүн негиздери жана тартиби

Каржылык мүмкүнчүлүктөр болгон учурда университет күндүзгү бөлүмдө окугандар үчүн келишим акыны жеңилдетүүгө укуктуу. Билим берүү кызмат акысынын бир окуу жылы үчүн жеңилдетүү өлчөмү “Ош мамлекеттик университетинин келишимдик негизде окугандар үчүн айрым категориялар боюнча окуу төлөмүнө жеңилдик берүү боюнча” жобосунун негизинде атайын комиссиянын чечимине ылайык ректордун буйругу менен бекитилет.

ОшМУда окуган төмөнкү категориядагы окуучуларга, студенттерге жеңилдик берилет: ата-энеси жоктор (же бирөөсү жок болсо), тубаса жана тубаса эмес майыптар, атасы же энеси I, II топтогу майып болсо, бир үй-бүлөдөн 3 же андан көп бир тууган окуса, ата-энеси ОшМУда иштеп эки же андан көп баласы ОшМУда окуса, , акыркы окуу жыл



Сканировано с CamScanner

ичинде олимпиадалык жана улуттук спорттун түрлөрү боюнча республикалык, азиялык, дүйнөлүк мелдештерде байгелүү орунду ээлегендер.

Бул жобонун шарттары Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына жана укуктук документтерине, ОшМУнун уставына жана ички жоболоруна өзгөртүү кирген учурда кайра каралып, окумуштуулар кеңеши тарабынан өзгөртүүлөр жана толуктоолор кабыл алынгандан кийин ОшМУнун ректору тарабынан бекитилет.

**Колдонулган нормативдик документтер:**

**1.** Кыргыз Республикасынын “Билим берүү жөнүндөгү” мыйзамы, 2023-ж. 11-августу, № 179;

**2.** КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы № 300 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндөгү" жобосу *(КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын 10-декабрындагы № 817, 2016-жылдын 11-апрелиндеги № 191, КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 12-августундагы № 456, 2022-жылдын 21-ноябрындагы № 654 токтомдорунун редакциясына ылайык).*

3. Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө КРдин 2007-жылдын 26-ноябрындагы № 175 мыйзамы, *(КР 2008-жылдын 18-июлундагы № 157, 2015-жылдын 27-январындагы № 27 Мыйзамынын редакцияларына ылайык).*

4. КРдин Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы № 557 “Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө” жарлыгы.



Сканировано с CamScanner

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ
Ош мамлекеттик
университети

МИНИСТЕРСТВО ОБРАЗОВАНИЯ И
НАУКИ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ
Ошский государственный
университет

MINISTRY OF EDUCATION AND SCIENCE OF KYRGYZ REPUBLIC
Osh state university

Инд. 723500, Ленин к. , 331,
Тел: (+996 3222) 72273, факс: (3222) 70915
edu@oshsu.kg

Инд.: 723500, ул. Ленина, 331,
Тел.: (+996 3222) 72273, факс: (3222) 70915
edu@oshsu.kg

331,Lenin Street,Osh, 723500
tel.: (+996 03222) 72273, fax: (03222) 70915
edu@oshsu.kg

**Ош мамлекеттик университетинин Көзөмөлчүлүк кеңешинин 2024-жылдын 20-февралындагы №1 жыйынынын Токтомунан көчүрмө**

**Күн тартиби:**

1. **ОшМУнун билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөрү жөнүндө Жобо.**
2. **ОшМУда коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча Жобо.**
3. **РСК банкка ОшМУнун эсебинен депозитке акча салуу.**

1. **Угулду: Токторов К.К.,** - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору. "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо" нун негизги мазмуну жана анын максаты боюнча маалымат берип (тиркелет) колдоп берүүнү өтүндү.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын 2007-жылдын 26-ноябры №175 "Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндө", 2023-жылдын 11-августу №179 "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамдарына, КРнын Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" токтомуна, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243, 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 "Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" жарлыктарына таянып "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо" колдоого алынсын.

Сканировано с CamScanner

**2. Угулду: Токторов К.К., - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору.** "Ош мамлекеттик университетинде коммерциялык ишмердүүлүктү жүргүзүү боюнча Жобо" нун долбоору менен (тиркелет) тааныштырып баяндама жасады жана аны колдоп берүүнү өтүндү.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 "Билим берүү жөнүндөгү" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл №53, 2009-жылдын 18-майындагы №300 "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" токтомдоруна, ОшМУнун Уставына таянып "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөнүүчү кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө Жобо"су колдоого алынсын.

**3. Угулду: Токторов К.К., - ОшМУнун инвестиция жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору.** РСК банкка ОшМУнун эсебинен депозитке акча каражатын депозитке салып кошумча киреше алуу мүмкүнчүлүгүн колдонсок болот (тиркелет) жана анын максаты боюнча маалымат берди.

**ТОКТОМ:**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 18-июлундагы №243 жарлыгына, Кыргыз Республикасынын 2023-жылдын 11-августу №179 "Билим берүү жөнүндө" мыйзамына, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 3-февраль 2004-жыл №53, 2009-жылдын 18-майы №300 токтомдоруна, ОшМУнун Уставына таянып Университеттин эсеп счетунда убактылуу пайдаланылбай жаткан акча каражатын мамлекеттик банкка депозитке салуу колдоого алынсын.

**ОшМУнун Көзөмөлчүлүк кеңешинин төрагасы** — **Б.А. Нурунбетов**

**Катчысы** — **А.А. Абдыкеримов**

Сканировано с CamScanner

## ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Ош шаары

**ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинин**
**2024-жылдын 1-мартындагы № 6 жыйынынын**
**ТОКТОМУНАН КӨЧҮРМӨ**
**Күн тартиби**

**3.10. «Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү» жобосун бекитүү жөнүндө**

2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндөгү" КРдин мыйзамына, КРдин Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" жобосуна, Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндөгү 2007-жылдын 26-ноябрындагы №175 КРнын мыйзамына, КРдин Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 "Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" жарлыгына ылайык, "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү" жобонун долбоору иштелип чыгып 2024-жылдын 16-февралындагы Административдик кеңешинин № 17 отурумунда каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

**УГУЛДУ:** ОшМУнун окуу иштери боюнча проректору Н. К. Омуров негизги маселеге кирген ОшМУда билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндө жобо менен тааныштырып, талкууга алып, айтылган сунуштардын негизинде Окумуштуулар кеңеши төмөндөгүдөй **ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1. "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү жобо" бекитилсин жана 2024-2025-окуу жылынан ишке киргизилсин.
2. "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү жобого" ылайык:

2.1. Укук иштери, пландоо-финансылык бөлүмдөрү – 2024-2025 -окуу жылында окууга кабыл алынуучулар менен түзүлүүчү келишимдин жаңы формасын жана буга чейин окуп жаткандар менен түзүлгөн келишимдин айрым пункттарын жокко чыгарып, толуктоолорду кошумча тиркеме түрүндө 2024-жылдын 15-апрелине чейин иштеп чыгышсын.

2.2. Кадрлар бөлүмү окуу түзүмдөрү менен биргеликте – окуп жаткан студенттерди кошумча иштелип чыккан тиркемедеги шарттар менен тааныштырууну, макулдугун алууну жана алардын өздүк делосуна тиркелишин камсыздасын.

3. Абитуриенттерди кабыл алуу комиссиясы жөнүндөгү ОшМУнун жобосуна жана кабыл алуу комиссиясынын кызматкерлери менен түзүлгөн эмгек келишимине толуктоолор 2024-жылдын 15-апрелине чейин иштелип чыксын, аткаруу милдети укук иштери бөлүмүнө, кабыл алуу комиссиясынын төрагасына жүктөлсүн.
4. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору К. К. Токторовго жүктөлсүн.

Копия верна:
Ученый секретарь ОшГУ
Асанбекова Дж.Ж.

ОшМУнун ректору,
профессор К. Г. Кожобеков

Окумуштуу катчы,
доцент Дж. Ж. Асанбекова

Сканировано с CamScanner

№ 1118-ФХД/24 11.03.2024

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

Ош шаары

**БУЙРУК**

2023-жылдын 11-августундагы №179 "Билим берүү жөнүндөгү" КРдин мыйзамына, КРдин Өкмөтүнүн 2009-жылдын 18-майындагы №300 токтому менен бекитилген "Кыргыз Республикасында билим берүүнүн акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөрүнө баа коюу жана колдонуу жөнүндө" жобосуна, Кыргыз Республикасына көчүп келген этникалык кыргыздарга мамлекеттик кепилдиктер жөнүндөгү 2007-жылдын 26-ноябрындагы №175 КРнын мыйзамына, КРдин Президентинин 2021-жылдын 10-декабрындагы №557 "Билим берүү кызмат көрсөтүүлөрүнө акы төлөө системасын жакшыртуу жана билим берүү уюмдарынын финансылык ишинин ачык-айкындыгын камсыз кылуу боюнча айрым чаралар жөнүндө" жарлыгына ылайык, "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү" жобонун долбоору иштелип чыгып 2024-жылдын 16-февралындагы Административдик кеңешинин № 17 отурумунда каралып, талкууланып кабыл алынган чечим боюнча аталган жобону ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде бекитүүгө сунушталган.

2024-жылдын 1-мартындагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинде № 6 протоколунун чечиминин негизинде «Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү» жобосу бекитүү № 3.10. маселе боюнча төмөндөгүдөй **буйрук кылам:**

1. "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү жобо" бекитилсин жана 2024-2025-окуу жылынан ишке киргизилсин.
2. "Ош мамлекеттик университетинде билим берүүдөгү акы төлөмө кызмат көрсөтүүлөр жөнүндөгү жобого" ылайык:

2.1. Укук иштери, пландоо-финансылык бөлүмдөрү – 2024-2025 -окуу жылында окууга кабыл алынуучулар менен түзүлүүчү келишимдин жаңы формасын жана буга чейин окуп жаткандар менен түзүлгөн келишимдин айрым пункттарын жокко чыгарып, толуктоолорду кошумча тиркеме түрүндө 2024-жылдын 15-апрелине чейин иштеп чыгышсын.

2.2. Кадрлар бөлүмү окуу түзүмдөрү менен биргеликте – окуп жаткан студенттерди кошумча иштелип чыккан тиркемедеги шарттар менен тааныштырууну, макулдугун алууну жана алардын өздүк делосуна тиркелишин камсыздасын.

3. Абитуренттерди кабыл алуу комиссиясы жөнүндөгү ОшМУнун жобосуна жана кабыл алуу комиссиясынын кызматкерлери менен түзүлгөн эмгек келишимине толуктоолор 2024-жылдын 15-апрелине чейин иштелип чыксын, аткаруу милдети укук иштери бөлүмүнө, кабыл алуу комиссиясынын төрагасына жүктөлсүн.
4. Бул чечимдин аткарылышын көзөмөлдөө ОшМУнун инвестициялар жана экономикалык өнүгүү боюнча проректору К. К. Токторовго жүктөлсүн.

*Негиз: Окумуштуу катчынын билдирүүсү, ректордун сунушу*

**ОшМУнун ректору,**
**профессор** **К. Кожобеков**

ДОКУМЕНТ ПОДПИСАН электронной подписью

Сканировано с CamScanner